Бекитемин

Мектеп директору

Омурапиева Р. М.

**А.Жаманбаев атындагы толук эмес орто мектебинин**

**Сабактардын апталыгын өткөрүүнүн**

**ЖОБОсу**

1. **Жалпы жобо**

1.1. Илимий усулдук жана тажрыйбалык ишти пландаштыруунун чегинде мугалимдердин професионалдык компитентүүлүгүн жогорулатуу, ошондой эле окуучулардын таанып- билүүчүлүк жана чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү максатында предметтик апталар жыл сайын өткөрүлөт.

**1.2. Предметтик апталардын маселелери:**

- Ачык сабактардын жана класстан тышкаркы иш- чараларды даярдоо, уюштуруу жана өнүктүрүү аркылуу мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жакшыртуу.
- Окуучулардын таанып билүүсүн өнүктүрүүгө түрткү берген класстан тышкаркы мүнөздөгү предметтик чараларды уюштуруу. Окуучуларды өз алдынча чыгармачылык ишке тартуу, өтүлгөн сабактарга кызыгуусун арттыруу.
- Чыгармачылык шыгы бар кандайдыр бир сабакка же билим тармагын терең кызыгып окуган окуучуларды аныктоо.Окуучулардын өз алдынча чыгармачылык ишке тартуу, өтүлгөн сабактарга кызыгуусун арттыруу.
- Чыгармачылык шыгы бар кандайдыр бир сабакка же билим тармагын терең кызыгып окуган окуучуларды аныктоо. Окуучулардын илим, техника көркөм чыгармачылык тармак боюнча өнүгүүсү үчүн педагогикалык технологиялардан түзүү.

**2.Предметтик апталардын уюштуруу жана ирети:**

**2.1.** Предметтик апталар усулдук бирикменин иш планына ылайык өткөрүлөт.

**2.2.** Предметтик апталардын тематикасын окуу жылынын башында усулдук бирикменин отурумдарында аныкталат:

**2.3** Иш-чаралар апталардын максаты менен тематикасына жараша болушу керек.

**2.4.** Предметтик апталардын уюштуруучулары усулдук бирикмелер болуп саналат.

**2.5.** Предметтик апталардын катышуучулары; Предметтик апталарга катышкан окуучулар.

**2.6.** Предметтик апталардын ичинде төмөнкүлөр өткөрүүгө мүмкүн.

- Салттык эмес сабактар
- Класстардын арасында сабактан тышкаркы иш чаралар.
- Жалпы мектеп ичинде иш- чаралар.
- Коллективдүү чыгармачылык иш- чаралар.
- Окутуу тарбия берүү иш- чараларынын башкы формалары

**2.7.** Предметтик апталардын планын түзүүдө төмөнкүлөр эске алынсын;

Усулдук бирикменин мугалимдеринин бардыгынын катышуусу.

Сабактардын жана иш- чаралардын ар түрдүү формалары.

Предмет боюнча сабактан тышкары иштерге окуучулардын толугу менен тартылышы.

Предметтик апталарды өткөрүүнүн алдында билим жана тарбия берүү бөлүмүнүн башчысына иш-чаралардын тематикасы, убактысы жана жооптуулары берилген графиктин түзүлүшү.

**2.8.** Чыгармачылык апталардын план- графиги усулдук бирикмелердин отурумдарында талкууланат, андан соң мектептин мүдүрү тарабынан бекитилет.

**2.9.** Ар бир предмет мугалим предметтик тематикалардын чегинде бирден кем эмес сабак өтөт.

**2.10.** Ар бир предметтик мугалим бирден кем эмес тематикалык иш-чара өткөрүүгө мүмүндүк берилет.

**2.11.** Предметтик апталарды өткөрүү учурунда мектепте предметтик көрсөтмөлүү куралдар илинсин.

**2.12.** Апталардын жүрүшүндө уюшулган иш-чаралар усчулдук бирикме отурумдарында анализденет.

**2.13.** Предметтик апталардын жыйынтыктары боюнча мектептин мүдүрүнө төмөндөгүдөй документтер тапшырылат.

**Предметтик апталардын өткөрүү графиги.**

Предметтик олимпиадаларды өткөрүү үчүн тапшырмалар, протколдор жана алардын жыйынтыктары.

Ачык иш-чаралардын планы, сценарийлери.

Предметтик апталардын жыйынтыктары боюнча отчеттор

Мугалимдерге жана окуучуларга сыйлык берүү үчүн аты жөнү берилсин.

**2.14.** Мугалимдин тажрыйбасын жалпылоо, усулдук башатты түзүү максатында,апталардын жыйынтыктары системага келтирилет,папка уюштурулуп салынат, иш-чаралар бүткөн соң үч күндөн кийин усулдук кабинетке коюлат.

**2.15.** Чыгармачылык апталардын жыйынтыктары мектептин